| | |
|---|---|
| | **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**<br><br>**М.М.АДЫШЕВ АТЫНДАГЫ ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ** |
| | **САПАТТУУ БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫ** |
| | **DP- 05.11** |

ОшТУнун Окумуштуулар
кеңешинин 2025-жылдын
25-декабрындагы
№ 4 протоколу менен
КАБЫЛ АЛЫНДЫ

БЕКИТЕМ
ОшТУнун ректору Ж.Ж.Турсунбаев

2025-жылдын 30-декабрындагы
№ 488- ОБ буйругу менен

# М.М.АДЫШЕВ АТЫНДАГЫ ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН ТАРБИЯ ИШТЕРИ ЖАНА СОЦИАЛДЫК ӨНҮКТҮРҮҮ ДЕПАРТАМЕНТИ ЖӨНҮНДӨ

# ЖОБО

**Ош – 2025**

**ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ БАРАГЫ**

| ЛНА нуска № | Өзгөртүлгөн бөлүм/пункт (бети менен) | Окумуштуулар кеңешинин протоколу №, датасы |
|---|---|---|
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

Кызматтык пайдаланууу үчүн

М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин тарбия иштери жана социалдык өнүктүрүү департаменти жөнүндө жобо, – Ош. ОшТУ, 2025 – 7 б.

Жобо Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамына, “Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү мекемелери жөнүндө” жобого жана ОшТУнун Уставына ылайык иштелип чыккан.

Түзүүчү: Ыдырысов Р.Ж.

Жобо Окумуштуулар кеңешинин чечими менен жактырылып (2025-жылдын 25-декабрындагы № 4 протоколу), ректордун буйругу менен бекитилди (2025-жылдын 30-декабрындагы №488-ӨБ буйругу)

**Мазмуну**

Жалпы жоболор ........................................................................................5
Департаменттин башкаруу структурасы ........................................................ 5
Департаменттин максаттары жана милдеттери....................................................5

## ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1. Бул жоболор Ош технологиялык университетинде (мындан ары ОшТУ) студенттерге тарбия иштерин жүргүзүү менен ишин уюштурууну жөнгө салат.

2. Бул жобо Тарбия иштери жана социалдык өнүктүрүү департаменти (мындан ары Департамент), билим берүү процессин колдогон түзүмдүк бөлүмдөр жана студенттик уюмдар тарабынан колдонуу үчүн милдеттүү болуп саналат.

3. Жобо төмөндөгү документтерге ылайык иштелип чыккан: Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндөгү Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын, ОшТУнун Уставынын жана ОшТУнун башка жергиликтүү органдаррынын актыларынын негизинде.

## ДЕПАРТАМЕНТТИН БАШКАРУУ СТРУКТУРАСЫ

1. ОшТУда Тарбия иштери жана социалдык өнүктүрүү департаменти кызматтык нускамага ылайык тарбия иштерин координациялайт.

2. Ош технологиялык университетинин ректорунун чечими менен Тарбия иштери жана социалдык өнүктүрүү департаментинин директорун (жетекчисин) дайындайт.

3. Тарбия иштери жана социалдык өнүктүрүү департаментинин директору (жетекчиси) ар бир окуу жылында Окумуштуулар Кенешинде отчет берет.

4. ОшТУда ТИжСӨД планы жыл сайын иш-план иштелип чыгат жана университеттин ректору тарабынан бекитилет.

5. ТИжСӨД директору (жетекчиси) окуу жайдагы институтардын жана колледждердин директорлорунун тарбия иштерин жүргүзүүгө багытталган иш-пландарын бекитет жана сунуштарды берет.

ТИжСӨД директору (жетекчиси) окуу жайдагы институтардын жана колледждердин тайпалык кураторлорун жана старосталарын директордун макулдашуусу менен бекитет жана дайындайт.

## ДЕПАРТАМЕНТТИН МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

- Студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын жакшыртуу;

- Студенттердин жөндөмдүүлүктөрүн жана ыктарын өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү.

- Студенттердин сабактан тышкаркы студенттердин бош убакыттарын туура пайдалануу иштерин уюштуруу;

- Дене тарбия жана сергек жашоо образынын баалуулуктарын жайылтуу, ошондой эле аларды ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүү;

- Коомдук уюмдардын, клубдардын, студенттик бирикмелердин жана университеттин командаларынын ишине көмөктөшүү;

- Улуттук маданий өзгөчөлүктү өнүктүрүүгө жана өлкөнүн жашоосуна активдүү катышууга багытталган жарандык аң-сезимди жана патриотизмди өнүктүрүү;

- Окуу жайда социалдык коргоого жана колдоого муктаж болгон кызматкерлерди жана студенттерге материалдык жана психологиялык жардамдарды уюштуруу;

- Билим берүү иштерин уюштурууга активдүү катышкан окутуучулар үчүн моралдык жана материалдык стимулдар системасын түзүү;

- Маданий, спорттук, илимий жана методикалык конференцияларды, семинарларды жана симпозиумдарды уюштуруу;

- Студенттер үчүн кошумча жумуш орундарын уюштурууга шарттарды түзүүгө көмөктөшүү;

- Студенттер арасында кылмыштуулукту, баңгиликти, жугуштуу ооруларды жана ВИЧтин алдын алууну уюштуруу жана студенттерге маалымат берүү;

- Окуу процессин жакшыртууга багытталган академиялык топтордун окутуучулары менен жумушчу жолугушууларды жана семинарларды өткөрүүгө көмөктөшүү;

- Студенттер арасында экстремизм, терроризм, адам укуктары жана гендердик тенчилик боюнча адистер менен семинарларды, талкууларды жана кенештерди уюштуруу;

- Окуу жайда жүргүзүлүп жаткан билим тарбия иштерин талдоо жана башка университеттердин алдыңкы тажрыйбаларын жайылтуу;

- ОшТУда өткөрүлүп жаткан иш-чаралар тууралуу маалыматтарды студенттерге жана кызматкерлерге маалымат берүү;

- Социологиялык, психологиялык изилдөө борборлору менен биргеликте ОшТУдагы окуу иштеринин сапаты боюнча студенттер арасында сурамжылоолорду жүргүзүү; билим берүү практикасына заманбап илимий жана методикалык технологияларды киргизүү;

- Студенттердин университеттин деңгээлиндеги иш-чараларга (илимий, тазалык күндөрү, маданий жана спорттук иш-чаралар) катышуусун уюштуруу, ошондой эле республикалык, облустук, шаардык ж.б. студенттик уюмдар

тарабынан өткөрүлүүчү иш-чараларга кызматкерлердин жана студенттердин катышуусун уюштуруу;

- Окуу жайдагы профсоюздук уюмдун, студенттик сенаттын, коомдук уюмдардын, клубдардын жана бирикмелердин ишине көмөктөшүү;

- Окуу жайдын коомдук жана спорттук жашоосуна активдүү катышкандыгы үчүн кызматкерлерди жана студенттерди сыйлоо боюнча сунуштарды даярдоо.